

# Халифалар

بسم الله الرحمن الرحيم

Өткөн эки кылымда мусулмандардын өз диндерине этибар берүүлөрү суз тартты. Натыйжада, узак мезгилдерден дүйнөгө бузукулук таркатууну арзуу кылып жүргөн капырлар 1924-жылдын 3-мартында Халифалык мамлекетин кулатышты. Халифалык мамлекети кайра турмушка кайтпасы үчүн капырлар бар күчтөрү менен аракет кыла башташты. Алар биринчи катарда мусулмандардын этикаттарына, айрыкча башкаруу жөнүндөгү, жетекчилик жөнүндөгү жана саясат жөнүндөгү пикирлерине катуу сокку беришти. Ар түрдүү адаштыруулар, алдоолор аркылуу мусулмандарды ушул нерселер жөнүндө мурунку чыныгы мусулмандардан өзгөчө пикирлей турган, дин душмандары, капырлар берген таалимдерди тоту куштардай сайрай турган кыла алышты. Мусулмандар өз тарыхтарын, өз жетекчилерин билбей, тааныбай калышты. Өз тарыхын үйрөнмөкчү болгон мусулмандар Куранга, хадистерге жана ишеничтүү мусулман аалымдары жазган тарых китептерине кайрылбай, дин душмандары жазган тарыхтарга, чыгыштаануучулардын калптарына кайрыла турган болуп калышты. Мусулмандар Ислам дининин акыйкатынан ушунчалык узакташты дейсиң, ал тургай аалымдар, муфассирлер, имамдар «дин мамлекеттен ажыратылган», «дин башка, саясат башка», «Куранда Халифалык туурасында бир да нерсе айтылбаган», «Халифалык болгону отуз жыл болгон, кайтып болбойт» сыяктуу негизсиз сөздөрдү байсай турган болуп калышты.

Төмөндө халифалар тууралуу бир эки ооз сөз айтмакчыбыз. Максат, тигил калпычыларга жооп берүү эмес. Балким, Исламий булактардан, өз тарыхынан айрылган Үммөткө кыскача нускоо жасоону максат кылдык.

## Курани Каримде айтылган халифалар баяны

وَإِذْ قَالَ رَبُّكَ لِلْمَلَائِكَةِ إِنِّي جَاعِلٌ فِي الْأَرْضِ خَلِيفَةً

*- «(Эй Мухаммад алайхис-салам) эстегин, Роббиң периштелерге: «Мен жерде халифа кылмакчымын», - деди».* [2:30]

Имам Куртубий, Ибн Касир жана башка муфассирлер ушул аяттагы خليفة «халифа» сөзүн мындай деп тафсир кылышкан:

Мына бул аят – буйруктарына кулак салып, итаат кылына турган халифа жана башчыны тикелөө туурасындагы маселелердин асл-пайдубалы. Халифаны тикелөө важып. Анткени, мусулмандардын биримдик-ынтымагы аны менен болот жана халифалык өкүмдөрү аны менен гана ишке ашат. Халифаны тикелөөнүн важыптыгына Үммөт арасында да, имамдар арасында да эч бир ихтилаф жок. Шарият илимдеринен бейкабар болгон Асомго жана ага ээрчигендерге гана важып эмес, балким жайыз, - деп айтышкан. (Асом – адамдын ысмы жана ал дүлөй деген маанини түшүндүрөт. Котормочудан) Алар дагы: Эгер Үммөт хаж жана жихаддарын өтөшсө, өз араларында ынсап менен мамиле кылышса, бардык укуктарды өз ордуна коюшса, олжолорду, садакаларды өз ээлерине туура бөлүштүрүшсө, кылмышкерлерге карата жазаларды колдонушса, ушул иштерди кыла турган халифаны тикелөө алар үчүн важып болбойт, - деп айтышкан.

Имам Куртубий тафсири 1-жуз 264-бет

Ибн Касир тафсири 1-жуз 73-бет

وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُم فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِنْ قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَى لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُمْ مِنْ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَنْ كَفَرَ بَعْدَ ذَلِكَ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ

*– «Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум мурунку өткөн (ыйман-этикаттуу) заттарды (жер жүзүнө) халифа кылганындай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон (Ислам) динин үстөм-бекем кылууну о.э. аларды (көргөн) кооп-коркунучтарынан кийин тынчтык-бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул (убададан) кийин (неъматка) күпүрдүк кылса, демек, алар моюн сунбас кишилер».* [24:55]

Бул аяттагы ليستخلفنهم «албетте аларды халифа кылат» сөзүн муфассирлер төмөндөгүдөй тафсир кылышкан:

Өз мамлекеттеринде падышалар иш жүргүзгөндөй жер жүзүндө иш жүргүзө турган халифалар кылат.

Байзовий тафсири 4-жуз, 197-бет.

Алла албетте алар үчүн араб жана араб болбогондордун жерлерин мурас кылып берет жана аларды жетекчи-падышалар кылат.

Табарий тафсири 18-жуз, 158-160-беттер.

Аларды өз мамлекеттеринде тасарруф кыла турган падышалардай тасарруф кыла турган халифалар кылат. Алланын бул убадасы бирер заманга жана бирер мекенге тиешелүү эмес, балким, кимде-ким кайсыл жерде, кайсыл заманда болбосун, Аллага ыйман келтирип, жакшы амалдарды кылса, Алла жерди аларга албетте мурас кылып берет жана аларды албетте халифалар кылат.

Абус-Суъуд тафсири 6-жуз, 190-бет.

وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنْكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ

Бул Алла Тааланын ыйман келтирип, жакшы амалдар кылган заттарды жер жүзүндө халифалар кылышы тууралуусындагы убадасы. Бул убада Үммөттүн баарын өз ичине алат. Бул убаданы бир гана сахабаларга тиешелүү дешке эч бир жол жок.

لَيَسْتَخْلِفَنَّهُم فِي الْأَرْضِ

Т.а. аларды өз мамлекеттеринде тасарруф кыла турган падышалардай тасарруф кыла турган халифалар кылат. Кимде-ким бул аяттагы убада төрт халифага гана тиешелүү (хос) десе, же мухажирлерге гана тиешелүү десе, же жер дегенден Меккени түшүнөбүз десе, ал чындыктан узак. Себеби, өкүм алууда этибар себептин хостугуна эмес, балким лафздын умумийлигине каратылат.

Шавконий тафсири 4-жуз, 47-бет.

Ушул сыяктуу тафсирди Багавий өз тафсиринин 3-жуз 353-бетинде, Ибнул-Жавзий Зодул-масийрде 6-жуз 57-бетте, Улусий Рухул-маъанийде 18-жуз 203-бетте баян кылган.

Дин көз карашын туура түшүнгөн, акыретти төрт күндүк дүйнө матасына сатпай турган, чынчыл муфассирлер бул аятты «Алла момун пенделерине жерди албетте мурас кылып берет жана аларды Алланын буйруктарын, өкүмдөрүн турмушка колдоно турган халифалар кылат» деп тафсир кылышкан.

يَاأَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللَّهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُوْلِي الْأَمْرِ مِنْكُمْ

*- «Эй момундар, Аллага итаат кылгыла жана Пайгамбарга о.э. өзүңөрдөн болгон (мусулман) иш ээлерине моюн сунгула ».* [4:59]

Байзовий, Куртубий, Ибн Касир, Табарий, Суютий, Ибн Таймия, Санъаний, Нуххос, Салибий, Саврий, Абус-Суъуд, Вахидий, Багавий, Шавконий, Ибнул-Жавзий, Махаллий, Насафий, Алусий сыяктуу таанымал улуу муфассирлер ушул аяттагы «иш ээлери» сөзүн Расулулла заманындагы жана андан кийинки доордогу бардык амилдер жана халифалар, казылар о.э. кошуун командачылары деп тафсир кылышкан. Ушул муфассирлердин кээ бирлери ушул маанилерге кошумча «алар аалымдар, факихтер» деп да тафсир кылышкан.

## Хадиси шарифте айтылган халифалар баяны

3196 حَدَّثَنِي مُحَمَّدُ بْنُ بَشَّارٍ حَدَّثَنَا مُحَمَّدُ بْنُ جَعْفَرٍ حَدَّثَنَا شُعْبَةُ عَنْ فُرَاتٍ الْقَزَّازِ قَالَ سَمِعْتُ أَبَا حَازِمٍ قَالَ قَاعَدْتُ أَبَا هُرَيْرَةَ خَمْسَ سِنِينَ فَسَمِعْتُهُ يُحَدِّثُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلَ تَسُوسُهُمُ الْأَنْبِيَاءُ كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ وَإِنَّهُ لَا نَبِيَّ بَعْدِي وَسَيَكُونُ خُلَفَاءُ فَيَكْثُرُونَ قَالُوا فَمَا تَأْمُرُنَا قَالَ فُوا بِبَيْعَةِ الْأَوَّلِ فَالْأَوَّلِ أَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ

صحيح البخاري

...Абу Хазим айтат: Абу Хурайра ﷺ менен беш жыл маектеш болдум. Абу Хурайранын Пайгамбар алайхис-саламдан ушул сыяктуу хадисти рыбаят кылганын уктум. Пайгамбар ﷺ айтты: «Бани Израилди пайгамбарлар башкарат эле. Качан бир пайгамбар өтсө, анын аркасынан экинчи пайгамбар келер эле. Менден кийин пайгамбар болбойт. Жакын күндөрдө халифалар болот жана алар көп болушат». Сахабалар сурашты: «Бизге эмнени буюрасыз, я Расулалла?» Расулулла ﷺ жооп берди: «Биринчисинин, биринчисинин байъатына бапаа кылгыла. Аларга өз акыларын бергиле. Албетте Алла Таала аларды адамдарды кандай башкаргандыгы жөнүндө суракка алуучу».

Сахихи Бухарий 3196-хадис.

3441 عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنُ عُمَرَ سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُهُ سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لَا حُجَّةَ لَهُ وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً

صحيح مسلم

Абдулла ибн Умар ؓдан рыбаят кылынат. Ал айтты: Мен Пайгамбар ﷺдын мындай деп айткандарын укканмын: «Кимде-ким амирге итаат кылуудан колун тартса, кыямат күнүндө өз пайдасына бирер хужжаты болбогон абалда Аллага жолугат. Кимде-ким мойнунда халифа үчүн бериле турган байъаты болбогон абалда өлсө, жахилият өлүмүндө өлгөн болот ».

Сахихи Муслим 3441-хадис.

3393 عَنْ جَابِرِ بْنِ سَمُرَةَ قَالَ دَخَلْتُ مَعَ أَبِي عَلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَسَمِعْتُهُ يَقُولُ إِنَّ هَذَا الْأَمْرَ لَا يَنْقَضِي حَتَّى يَمْضِيَ فِيهِمْ اثْنَا عَشَرَ خَلِيفَةً قَالَ ثُمَّ تَكَلَّمَ بِكَلَامٍ خَفِيَ عَلَيَّ قَالَ فَقُلْتُ لِأَبِي مَا قَالَ قَالَ كُلُّهُمْ مِنْ قُرَيْشٍ

صحيح مسلم

Жабир ибн Самура ؓдан рыбаят кылынат: Мен атам менен Пайгамбар ﷺдын алдына кирдим. Пайгамбар ﷺдын мындай деп айтып жаткандарын уктум: «Алардын арасында он эки халифа өтмөйүнчө халифалык түгөнбөйт». Жабир айтат: Кийин Пайгамбар ﷺ бир нерсе деди, мага угулбай калды. Атамдан: Расулулла ﷺ эмне деди? – деп сурадым. «Алардын бардыгы Курайштан деди», - деп жооп берди.

Сахихи Муслим 3393-хадис.

5189 عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ ... قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَكُونُ فِي آخِرِ أُمَّتِي خَلِيفَةٌ يَحْثِي الْمَالَ حَثْيًا لَا يَعُدُّهُ عَدَدًا قَالَ قُلْتُ لِأَبِي نَضْرَةَ وَأَبِي الْعَلَاءِ أَتَرَيَانِ أَنَّهُ عُمَرُ بْنُ عَبْدِ الْعَزِيزِ فَقَالَا لَا

صحيح مسلم

Жабир ибн Абдулла ؓдан рыбаят кылынат: ... Расулулла ﷺ айтты: «Үммөтүмдүн акырында мал-дүйнөнү эч бир эсеп-китеп кылбай мол-көлчүлүк менен адамдарга тарата турган халифа болот». Ровий: Абу Назра жана Абул Алаъдан ал халифа Умар ибн Абдулазизби деп сурадым эле, алар «жок» деп жооп беришти, - дейт.

Сахихи Муслим 5189-хадис.

21353 عَنْ ثَوْبَانَ قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا رَأَيْتُمْ الرَّايَاتِ السُّودَ قَدْ جَاءَتْ مِنْ خُرَاسَانَ فَأْتُوهَا فَإِنَّ فِيهَا خَلِيفَةَ اللَّهِ الْمَهْدِيَّ

مسند أحمد

Савбан رضي الله عنهдан рыбаят кылынат, айтат: Пайгамбар ﷺ айтты: «Эгер Хуросон тараптан келе жаткан кара байрактарды көрсөңөр, ага келгиле. Себеби, алардын арасында Алланын туура жолдогу халифасы болот».

Муснади Ахмад 21353-хадис.

16271 عَنْ مُعَاوِيَةَ قَالَ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مَنْ مَاتَ بِغَيْرِ إِمَامٍ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً

مسند أحمد

Муавия رضي الله عنهдан рыбаят кылынат, ал төмөндөгү хадисти айтты: Расулулла ﷺ айтты: «Кимде-ким имам-халифасыз өлсө, жахилият өлүмүндө өлүптүр ».

Муснади Ахмад 16271-хадис

17680 عَنِ النُّعْمَانِ بْنِ بَشِيرٍ قَالَ كُنَّا قُعُودًا فِي مَسْجِدِ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ وَكَانَ بَشِيرٌ رَجُلًا يَكُفُّ حَدِيثَهُ فَجَاءَ أَبُو ثَعْلَبَةَ الْخُشَنِيُّ فَقَالَ يَا بَشِيرُ بْنَ سَعْدٍ أَتَحْفَظُ حَدِيثَ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي الْأُمَرَاءِ فَقَالَ حُذَيْفَةُ أَنَا أَحْفَظُ خُطْبَتَهُ فَجَلَسَ أَبُو ثَعْلَبَةَ فَقَالَ حُذَيْفَةُ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهم عَلَيْهِ وَسَلَّمَ تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ ثُمَّ سَكَتَ

مسند أحمد

Нуъман ибн Башир رضي الله عنهдан рыбаят кылынат, ал мындай деди: Биз Расулулла ﷺдын мечитинде отурган элек. Башир رضي الله عنه кем сөз адам эле. Абу Саълаба ал-Хушаний رضي الله عنه келип: эй Башир ибн Саъд, Пайгамбар алайхис-саламдын амирлер жөнүндө айткан хадистери эсиңдеби? – деп сурады. Хузайфа رضي الله عنه: Расулулла ﷺдын хутбаларын мен жатка билемин, - деди. Абу Саълаба отурду. Хузайфа мындай деди: Расулулла ﷺ айткан: «Силердин араңарда Пайгамбарлык Алла каалаганча болот, кийин Алла каалаганда аны көтөрөт. Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги халифалык болот жана ал Алла каалаганча болот. Кийин Алла аны көтөрүүнү каалаганда көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Алла каалаганча болот. Кийин Алла аны көтөрүүнү каалаганда көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү падышалык болот жана ал Алла кааллаганча болот. Кийин Алла аны көтөрүүнү каалаганда

көтөрөт. Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот». Ушуну айтып бүтүп Хузайфа унчукпай калды.

Муснади Ахмад 17680-хадис.

Сихохи ситта т.а. алты сахих топтом: Сахихи Бухарий, Сахихи Муслим, Сунани Абу Давуд, Сунани Термизий, Сунани Насаий, Сунани Ибн Маажа жана Сунани Даримий, Муснади Ахмад, Муватто Маликтер өз ичине алган хадистерде исламий мамлекеттин жетекчиси маанисиндеги خليفة – «халифа» сөзү 75 хадисте, خلفاء – □халифалар» сөзү 24 хадисте, خلافة — «халифалык» сөзү 62 хадисте, أمراء – □амирлер» сөзү 61 хадисте, إمام – □имам» сөзү 102 хадисте келген.

## Ижмаъда айтылган халифа баяны

لما توفي رسول الله قام أبو بكر رضي الله عنه خطيبا كما سيأتي فقال أيها الناس من كان يعبد محمدا فإن محمدا قد مات ومن كان يعبد الله فإن الله حي لا يموت ولا بد لهذا الأمر ممن يقوم به فانظروا وهاتوا آراءكم فقالوا صدقت ننظر فيه

ثم ذلك الوجوب عندنا معشر أهل السنة والجماعة وعند أكثر المعتزلة بالسمع أي من جهة التواتر والإجماع المذكور وقال كثير بالعقل ووجه ذلك الوجوب أنه أمر بإقامة الحدود وسد الثغور وتجهيز الجيوش للجهاد وحفظ بيضة الإسلام وما لا يتم الواجب المطلق إلا به وإن كان مقدورا فهو واجب

الصواعق المحرقة لابن حجر الهيتمي المتوفي 973 هـ ج: 1 ص: 25

Пайгамбар ﷺ дүйнөдөн кайтканда, Абу Бакр رضي الله عنه адамдар арасында туруп мындай хутба окуду: Эй адамдар, кимде-ким Мухаммад ﷺга пенделик кыла турган болсо, Мухаммад ﷺ өлдү. Кимде-ким Аллага пенделик кыла турган болсо, Алла ар дайым тирүү, өлбөйт. Алланын жиберген буйрук жана мыйзамдары үчүн албетте аны колдоно турган киши болушу зарыл. Ал жөнүндө ойлонуп көргүлө жана өз пикириңерди билдиргиле». Сахабалар: «Туура айттыңыз, ал киши жөнүндө ойлонуп көрөбүз», - дешти.

Биз «ахли сунна вал жамаа» жамаатынын жана көпчүлүк муътазилалардын пикиринче, халифалыкты тикелөө важыптыгынын далили ушул ижма жана мутаватир кабар болуп саналат. Көпчүлүк анын важыптыгынын далили акыл деп айтат. Анын важыптыгы мында, ал жаза-чараларды колдонууга, мамлекет чегараларын коруктоого, аскерлерди жихадга даярдоого жана Исламды коргоого болгон буйрук болуп саналат. Мутлак важып

эмне менен ишке ашса – мейли, ал такдир кылынган нерсе болсо да – ал важып болот.

Ас-Саваикул мухрика 1-жуз, 25-бет. Автор Ибн Хажар Хайтамий, 973-хижрий жыл.

قال عمر وإن قوما يأمروني أن أستخلف وأن الله عز وجل لم يكن ليضيع دينه ولا خلافته والذي بعث به نبيه صلى الله عليه وسلم

مسند أبي عوانة 1 ج: 1 ص: 340

Умар ибн Хаттаб ﵁ өлүмүнөн мурун, сахабаларга хутба окуп жатып айтты: «Адамдар мага өзүмдөн кийин бир халифа дайындашымды буюрууда. Алла Азза ва Жалла Өз динин, Халифалыкты жана Пайгамбары ﷺ менен жиберген рисалатын эч качан жок кылбайт ».

Муснади Абу Авана 1-жуз, 340-бет.

## Акыйда маселелерин ачыктаган уламалардын халифа жана Халифалык тууарсында айткандары

وجوب نصب الإمام ولا بد من تعريفها أولا قال قوم الإمامة رياسة عامة في أمور الدين والدنيا ونقض بالنبوة والأولى أن يقال هي خلافة الرسول في إقامة الدين بحيث يجب اتباعه على كافة الأمة وبهذا القيد يخرج من ينصبه الإمام في ناحية والمجتهد والآمر بالمعروف وإذا عرفت هذا فنقول نصب الإمام عندنا واجب علينا سمعا وقالت المعتزلة والزيدية بل عقلا وقال الجاحظ بل عقلا وسمعا وقالت الإمامية والإسماعيلية بل على الله إلا أن الإمامية أوجبوه لحفظ قوانين الشرع والإسماعيلية ليكون معرفا لله

وأما وجوبه علينا سمعا فلوجهين الأول إنه تواتر إجماع المسلمين في الصدر الأول بعد وفاة النبي امتناع خلو الوقت عن إمام حتى قال أبو بكر رضي الله عنه في خطبته ألا إن محمدا قد مات ولا بد لهذا الدين ممن يقوم به فبادر الكل إلى قبوله وتركوا له أهم الأشياء وهو دفن رسول الله يزل الناس على ذلك في كل عصر إلى زماننا هذا من نصب إمام متبع في كل عصر

كتاب المواقف لعبد الرحمن بن أحمد الإيجي المتوفي 756 هـ ج: 3 ص: 574

Имам-Халифаны тикелөөнүн важыптыгы тууарсында:

Эң оболу ага аныктама (таъриф) берүү зарыл. Бир жамаат адамдар ага минтип аныктама беришти: Ал – дин жана дүйнө иштеринде жалпы жетекчилик жана ал Пайгамбарлыктан өзгөчө. Төмөндөгүдөй аныктама берилсе туурараак болот: Ал – динди тикелөөдө бардык Үммөт ээрчиши зарыл болгон Пайгамбардын орун басары. Бул аныктамага ылайык, жакшылыкка буюруучу,

муҗтахид жана имам бир вилаятка дайындаган адам имам деп айтылбайт. Бул аныктаманы түшүнгөн болсоңуз, биз мындай деп айтабыз: биздин оюбузча, халифаны тикелөө бизге самъан (далили Куран, хадис, ижмаъ) важып. Мутазилалар жана Зайдийлер халифаны тикелөөнүн важыптыгынын далили аклий дешет. Жахиз анын важыптыгы самъан дагы, аклий дагы дейт. Шиалардын Имамия жана Исмаилия мазхабдары халифаны тикелөө Аллага важып дешет. Бирок, Имамиялар шариат мыйзамдарын коргоо үчүн аны важып кылышат. Исмаилиялар болсо, Ал Алланы таанытуучу болгондугу үчүн важып дешет.

Анын бизге самъан важыптыгы эки жактама. Биринчиси: Пайгамбар ﷺдын өлүмүнөн кийинки биринчи доордогу мусулмандардын имамсыз бирер убакыттын болушу мүмкүн эместигине ижма кылгандары мутаватир болгон. Ал тургай, Абу Бакр رضي الله عنه өзүнүн хутбасында мындай деген: Билип койгула, Мухаммад ﷺ өлдү. Бул динди тикелей турган киши болушу зарыл». Бардык сахабалар бул сөздү кабыл алууга шашылышты жана ушул иш үчүн эң маанилүү ишти – Расулулла ﷺды жерге коюуну кийинкиге калтырышты. Биздин заманыбызга чейинки өткөн бардык кылымдар бою адамдар ар бир доордо ээрчиле турган имам-халифаны тикелөө важып деген сөзгө ижма кылып келишүүдө.

Китабул Мавакиф 3-жуз, 574-575-беттер. Автор Абдуррахман ибн Ахмад ал-Ийжий, 756-хижрий жыл.

Сахабалар хулафаи рошидиндердин туура жолдогу халифалар экендиктерин жана алардан кийин халифалар болушу зарылдыгын тастыктап, ижма кылгандыктары абдан көп айтылган.

Орто Азиядагы мусулмандар өздөрүн ахли сунна вал жамаа жамаатынан эсептешкен. Алар этикат маселелеринде 537-хижрий жылда дүйнөдөн кайткан Абу Хафс Умар ан-Насафийдин «Акоиди Насафия» аттуу китебинен кеңири пайдаланышкан. Ушул китепке 722-792-хижрий жылдарда жашап өткөн аалым Саъдиддин ат-Тафтазоний шарх жазган. Ушул китептин 109-114-беттеринде халифа жана халифаны тикелөө тууралуу төмөндөгүлөр жазылган. Насафий мындай дейт:

Халифалык отуз жыл болот, кийин падышалык жана амирликтер болот. Анткени, Пайгамбар алайхис-салам айткан: «Менден кийин халифалык отуз жыл болот, кийин зордукчул падышалык болот».

Алий ﵁ Пайгамбар ﷺдын өлүмүнөн кийинки отузунчу жылда шейит кылынган. Муавия жана андан кийинки жетекчилер халифалар эмес, балким падыша жана амирлер.

Бул сөздөрдү Тафтазоний мындайча шархтайт:

Насафийдин ушул сөздөрү көйгөй жаратат. Себеби, Үммөт ичиндеги ахли хал вал акддар т.а. мужтахиддер Аббасий халифалардын халифа экендиктерине, Марванийлерден Умар ибн Абдулазиз сыяктуулардын халифа экендиктерине келишишкен. Халифалык отуз жыл болот деп айтылган сөздөн максат: Ихтилафтан, итаатсыздыктан бир да нерсе аралашпаган камил халифалык отуз жыл болот, андан кийин мындай абал ыктымал болот, ыктымал болбойт, - деген түшүнүктү түшүндүрүү болгон. Мунун мааниси хулафаи рошидиндерден башка халифалар болбойт дегени эмес. Анткени, Пайгамбар ﷺ: «Үммөтүмдүн ичинде он эки халифа болот» деп айткан. Халифалык отуз жыл болот деп айтылган хадистен максат, хулафаи рошидиндердин алып барган иштерин үлкөн кылып көрсөтүү жана алар башка халифалардан ахлак жагынан, башкаруу иштеринде өзгөчө айырмаланып тургандыктарын баян кылуу болгон. О.э. туура жолдогу халифалар катарма-катар отуз жыл өкүм сүрүшүн, кийин мындай абал ыктымал кайтып кайталанбашын баяндаган.

Халифаны тикелөө важыптыгына бардык мазхабдар (Ахли сунна вал жамаа, Муътазила, Имамия, Зайдия) ижма кылышкан. Алардын арасындагы келишпестик: халифаны тикелөө Аллага важыппы, пенделерге важыппы; анын далили самаийби, аклийби – ушулардын үстүндө болгон. Ахли сунна вал жамаа жамааты мындай этикат кылат: Халифаны тикелөө Аллага эмес, пенделерге важып, анын далили самаий деп, Пайгамбар ﷺдын ушул хадисин келтиришет:

مَنْ مَاتَ وَ لَمْ يَعْرِفْ إِمَامَ زَمَانِهِ فَقَدْ مَاتَ مَيْتَةً جَاهِلِيَّةً

«Кимде-ким өз заманынын имам-халифасын билбей өлсө, ал жахилият өлүмүндө өлгөн болот».

Алар дагы өз пикирлерине ушул ижманы далил кылып келтиришет: Үммөт Пайгамбар ﷺдын өлүмүнөн кийин халифаны тикелөөнү эң маанилүү милдет кылышкан. Ал тургай, бул милдетти Пайгамбар алайхис-саламды жерге коюудан мурунку орунга

коюшкан. Ар бир халифа өткөндөн кийин да дал ушундай кылышкан.

Алар төмөндөгү сөздү да өз пикирлерине далил кылып келтиришкен: Шаръий важыбаттардын өтө чоң бөлүгү имам-халифага байланыштуу. Насафий бул жөнүндө мындай дейт: Мусулмандарга шаръий өкүмдөрдү аткара турган, хад – жаза чараларын тикелей турган, мамлекет чегараларын коргой турган, мусулмандар кошуунун даярдай турган, алардын садакаларын жыя турган, зордукчулдарды, ууруларды, каракчыларды тыйып коё турган, жума, айттарды аткарта турган, пенделер ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү чече турган, акылар үстүндөгү күбөлүктөрдү кабыл кыла турган, валийси болбогон жетимдерди үйлөп-жайлай турган, олжолорду мусулмандар арасында бөлүштүрө турган, кыскасы, жеке адамдар аткара албай турган иштерди өтөй турган имам-халифанын болушу зарыл. Чыныгы имамда төмөнкүдөй сыпаттар табылышы шарт: мусулман, эркин, акылга толгон, балагатка жеткен, адилеттүү, мусулмандардын бир жамаатынын ага ыраазылык менен берген байъаты аркылуу имам болгон болушу, ал Ислам калимасын үстөм кылууну, мусулмандарга жардам берүүнү, ал себептүү мусулмандардын малдары, жандары, абройлору амандыкта болушу, ал үшүр, хиражды шаръий жолдор менен топтоп, уламаларга, хатибдерге, казыларга, муфтийлерге, мударристерге, илим алуучуларга жана башка срап-каражаттарга Байтулмалдан алып бөлүштүрө турган болушу, мусулмандарга мээримдүү, ырайымдуу, адилеттүү болушу ылазым. Кайсы имам-жетекчи ушундай сыпаттарга ээ болбосо, ал чыныгы имам-жетекчи эмес. Ага жардам берүү важып болбойт, балким ага каршы чыгуу, ага каршы күрөш алып баруу важып болот. О.э. имам адамдар беймарал кайрылуулары үчүн душмандан, залимдерден, баскынчылыктан корkконунан жашырынып албаган, ачык болушу ылазым. Анткени, муну менен жетекчини тикелөөдөн көздөлгөн максат жүзөгө чыксын. Жана дагы залимдердин түзүмү жемирилгенден кийин, фасаддар бүткөндөн кийин, заман оңдолгондон кийин чыгышы күтүлүп жаткан болбошу керек. Ал саясий адам болушу т.а. мусулмандардын иштерин өз пикири, илими, кудурети менен башкара ала турган болушу, илими, адилети, жөндөмү жана кайраты менен өкүмдөрдү колдонууга,

Ислам диярынын чегараларын коргоого, мазлумдардын акысын залимдерден өндүрүп берүүгө кудуреттүү болушу керек.

## Хулафаи рошидиндер (туура жолдогу халифалар)

1. Абу Бакр ас-Сыддык (Алла ал кишиден ыраазы болсун):

11-13 хижрий, 632-634-малидий жылдары халифалык кылган.

Абу-Бакрдын доорунда 11-хижрий, 632-миладий жылы муртаддарга каршы согуштар алып барылган.

13-хижрий, 634-миладий жылы византиялыктар үстүнөн жеңишке жетишилген.

2. Умар ибн Хаттаб (Алла ал кишиден ыраазы болсун):

13-23-хижрий, 634-644-миладий жылдары халифалык кылган.

Умардын халифалыгы доорундагы маанилүү окуялар:

14-хижрий, 635-миладий жылы Холид ибн Валид командачылыгында Дамаск фатх кылынган.

14-хижрий, 635-миладий жылы Кодисияда перстерге каршы согуш алып барылган жана алардын үстүнөн жеңишке жетишилген.

15-хижрий, 636-миладий жылы Ярмукта византиялыктарга каршы согуш алып барылып, алардын үстүнөн жеңишке жетишилген.

17-хижрий, 638-миладий жылы халифа Умар Куддуска барган.

18-хижрий, 639-миладий жылы Амр ибн Ос командачылыгы астында Мисир (Египет) фатх кылынган.

19-хижрий, 640-миладий жылы Иран фатх кылынган.

21-хижрий, 642-миладий жылы Нахованд согушу болуп өткөн. Рай фатх кылынган.

23-хижрий, 644-миладий жылы халифа Умар шейит кылынган.

3. Усман ибн Аффан (Алла ал кишиден ыраазы болсун):

23-35-хижрий, 644-656-миладий жылдары халифалык кылган.

Халифа Усман доорундагы маанилүү окуялар:

26-хижрий, 647-миладий жылы Африка фатх кылына баштаган.

30-хижрий, 651-миладий жылы Яздажирд өлтүрүлгөн, сосонийлер сулалеси кулаган.

32-хижрий, 653-миладий жылы Куран топтолгон.

4. Алий ибн Абу Талиб (Алла ал кишиден ыраазы болсун):

35-40-хижрий, 656-661-миладий жылдары халифалык кылган.

Халифа Алий ибн Абу Талибдин доорундагы маанилүү иштер:

36-хижрий, 656-миладий жылы Жамал окуясы жүз берди.
37-хижрий, 657-миладий жылы Сиффийн окуясы жүз берген.
37-хижрий, 658-миладий жылы Хавариждер пайда болгон.
40-хижрий, 661-миладий жылы Алий шейит кылынган.

## Шамдагы Умавий халифалар

Шамдагы Умавийлер халифалыгы 41-132-хижрий, 661-750-миладий жылдары аралыгында болгон.

1. Муавия ибн Абу Суфян: 41-60-хижрий, 661-680-миладий жылдары халифалык кылган. Анын доорундагы маанилүү иштер:

50-хижрий, 670-миладий жылы Укба ибн Нафеъ командачылыгы астында Африка фатх кылынган. Кайраванга негиз салынган.

54-59-хижрий, 674-679-миладий жылдардын арасында Византия үстүнө бир канча жүрүштөр жасалган.

2. Язид ибн Муавия: 60-64-хижрий, 680-683-миладий жылдары аралыгында халифалык кылган. Анын доорундагы маанилүү иштер:

61-хижрий, 680-миладий жылда Хусайн ибн Алий Кербалада шейит кылынган.

63-хижрий, 683-миладий жылы Абдулла ибн Зубайр Меккеде козголоң көтөргөн.

3. Муавия II ибн Язид: 64-хижрий, 683-миладий жылда халифалык кылган.

4. Марван I ибн Хакам: 64-хижрий, 683-миладий жылы халифалык кылган.

5. Абдулмалик ибн Марван 65-86-хижрий, 685-705-миладий жылдары халифалык кылган. Анын доорунда Куддуста Куббатус-сахро мечити курулган.

Почта байланышын жолго койгон. Алтын теңгелерди басып чыгарган.

6. Валид ибн Абдулмалик 86-96-хижрий, 705-715-миладий жылдарда халифалык кылган. Анын доорунда болгон маанилүү иштер:

Ал кишинин доорунда мамлекет эң жогорку кудурет чокусуна чыккан.

Кутайба ибн Муслим командачылыгында Бухара, Самарканд, Хорезм, Фергана фатх кылынган.

Муса ибн Нусайр командачылыгында Тонжа фатх кылынган.

Куддуста Масжидул Аксо курулган.

Дамаскта Умавийлер жамеъси курулган.

Исламдагы биринчи оорукана анын доорунда курулган.

92-хижрий, 711-миладий жылда Мухаммад ибн Косим командачылыгында Индия фатх кылынган.

92-хижрий, 711-миладий жылда Торик ибн Зияд командачылыгы астында Андалус (Испания) фатх кылынган.

7. Сулайман ибн Абдулмалик 96-99-хижрий, 715-717-миладий жылдарда халифалык кылган.

Палестинада Рамла шаарына негиз салган. Константинополду камал кылган. Аны фатх кыла албаган.

8. Умар ибн Абдулазиз 99-101-хижрий, 717-720-миладий жылдарда халифалык кылган.

100-хижрий, 717-миладий жылда Кустантиния (Константинополь) камал кылынган.

Финансылык иштерди, башкаруу иштерин реформалоого катуу көңүл бурган. Хулафаи рошидиндердин бешинчиси деп этибар кылынган.

9. Язид ибн Абдулмалик 101-105-хижрий, 720-724-миладий жылдарда халифалык кылган.

10. Хишам ибн Абдулмалик 105-125-хижрий, 724-743-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын заманында исламий мамлекет өтө кеңейген.

Византияликтарга каршы согуш алып барган. Анын аскерлери Нарбонду (Франциянын түштүгүндөгү шаар) ээлеген жана Поитрер (Франциядагы шаар), фин чептерине чейин жетип барган.

107-хижрий, 725-миладий жылда муътазилалар пайда болгон.

11. Валид II ибн Язид 125-126-хижрий, 743-744-миладий жылда халифалык кылган.

Өз сарайында акындыкка, ичкиликке, музыкага, оюн-күлкү жана көңүл ачууга берилген. Халифалыктан бошотулган жана өлтүрүлгөн.

12. Язид III ибн Валид 126-хижрий, 744-миладий жылы халифалык кылган.

13. Ибрахим ибн Валид 126-127-хижрий, 744-миладий жылы халифалык кылган.

14. Марван II 127-132-хижрий, 744-750-миладий жылдары халифалык кылган. Бул Дамасктагы акыркы Умавийлер халифасы эле.

Хавариждерге каршы катуу согуш алып барып, алардын халифасы Заххокту өлтүргөн.

Зоб салгылашуусунда Аббасийлер аны жеңип чыккан жана Мисирде өлтүрүшкөн.

## Андалусия (Испания)дагы Умавий халифалар

Андалустагы Умавийлер халифалыгы 138-422-хижрий, 756-1031-миладий жылдарда болуп өткөн.

1. Абдуррахман I ибн Муавия ибн Хишам: 138-172-хижрий, 756-788-миладий жылдарда валийлик кылган. Андалусиядагы Умавийлер мамлекетин негиздөөчү.

139-хижрий, 756-миладий жылы козголоңдорду баскан. Шарль Манга каршы согуш алып барган. Уулу Хишамга кудуреттүү мамлекет калтырган.

Куртуба жамеъсин курдурган. Курайш ылаачыны деген лакап алган.

2. Хишам I ибн Абдуррахман: 172-180-хижрий, 788-796-миладий жылдары валийлик кылган.

3. Хакам I ибн Хишам: 180-207-хижрий, 796-822-миладий жылдарда валийлик кылган.

Куртубадагы 3-Умавийлер амири.

4. Абдуррахман II ибн Хакам: 207-238-хижрий, 822-852-миладий жылдарда валийлик кылган.

Козголоңдорду бастырып, абаддаштырууга катуу көңүл бурган. Сарайлар, мечиттер курдурган.

Анын заманы Испания маданияты тарыхында маанилүү доор деп этибар кылынат.

5. Мухаммад I ибн Абдуррахман: 238-273-хижрий, 852-886-миладий жылдарда валийлик кылган.

6. Ал-Мунзир ибн Мухамммад: 273-275-хижрий, 886-888-миладий жылдарда халифалык кылган.

7. Абдулла ибн Мухаммад: 275-299-хижрий, 888-912-миладий жылдарда валийлик кылган.

Куртуба амири. Агасы Мунзирден кийин такка отурган. Муваллидиндер фитнасын токтоткон.

Ишбилия (Севилья)ны, ал-Бийрани арабташтырган.

8. Абдуррахман III (ан-Насир ли дийниллах): 299-350-хижрий, 912-961-миладий жылдарда халифалык кылган.

Куртубадагы Умавийлердин эң таанымалы. Испаниядагы биринчи халифа.

316-хижрий, 929-миладий жылы халифа деп байъат берилген. Амирул муъминун деген лакап алган.

Ибн Хафсун фитнасын бастырган. Масихийлер жана Фатимийлерге каршы күрөш алып барган.

Испания анын доорунда гүлдөп-өскөн. Куртуба Ислам борборлорунун бирине, аныгыраагы, дүйнөнүн эң гүлдөп өскөн борборлорунун бирине айланган. Аз-Захро шаарын курган.

9. Хакам II ибн Абдуррахман (ал-Мустансир биллах): 350-365-хижрий, 961-976-миладий жылдарда халифалык кылган.

Испаниядагы экинчи халифа. Илим-билимди өнүктүргөн. Анын доорунда Куртуба билим жана маданият борборуна айланган. Өз доорунун эң үлкөн китепканасын түзгөн.

Андалусия падышалыгына каршы күрөш алып барган жана аларды келишим түзүүгө мажбур кылган.

Андалусия шаарлары, анын айланасындагы падышалар жана Магриб уруулары ага байъат беришкен.

10. Хишам II ибн Хакам (ал-Муаййид биллах): 366-399-хижрий, 976-1009-миладий жылдарда халифалык кылган.

400-403-хижрий, 1010-1013-миладий жылдарда халифалык кылган.

Андалустагы үчүнчү халифа.

11. Мухаммад II (ал-Махдий): 399-хижрий, 1009-1010-миладий жылдарда халифалык кылган. 403-408-хижрий, 1013-1018-миладий жылдарда халифалык кылган.

Ага эки жолу байъат берилген. Биринчи жолу Хишам II халифалыктан бошотулгандан кийин. Экинчи жолу Сулайман ибн Хакам халифалыктан бошотулгандан кийин.

12. Сулайман ибн Хакам (ал-Мустаъийн биллах): 399-403-хижрий, 1009-1013-миладий жылдарда халифалык кылган.

13. Абдуррахман IV (ал-Муртазо): 408-хижрий, 1018-миладий жылда халифалык кылган.

14. Абдуррахман V (ал-Мустазхир биллах): 414-хижрий, 1023-1024-миладий жылдарда халифалык кылган. Ага халифалыкка байъат берилген.

15. Мухаммад III (ал-Мустакфий биллах): 414-416-хижрий, 1023-1025-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын алсыздыгы тоифийлер падышалыктарынын келип чыгышына жана Андалусияда Умавийлар халифалыгынын жемирилишине алып келген.

16. Хишам III ибн Абдуррахман (ал-Муътад биллах): 420-422-хижрий, 1029-1031-миладий жылдарда халифалык кылган.

Андалусиядагы акыркы Умавий халифа.

## Аббасий халифалар

Аббасийлер халифалыгы 132-656-хижрий, 750-1258-миладий жылдарда болуп өткөн.

1. Ас-Саффах Абул Аббас Абдулла: биринчи Аббасий халифа. 132-136-хижрий, 750-754-миладий жылдарда халифалык кылган.

748-жылы агасы Ибрахимдин өлүмүнөн кийин Умавийлерге каршы козголоңго жетекчилик кылган.

Куфа мечитинде ага халифалыкка байъат берилген.

Зоб согушунда Марван IIнин үстүнөн жеңишке жетишкен.

2. Ал-Мансур Абу Жаъфар Абдулла 136-158-хижрий, 754-775-миладий жылдарда халифалык кылган. Ас-Саффанын иниси.

Алавийлерди моюн сундурган. Мединада Мухаммад Нафс Закиянын козголоңун бастырган. Куфада Мухаммадын агасы Ибрахимдин козголоңун бастырган. Иранда Муканнао фитнасын бастырган.

Мамлекетти башкарууну, финансылык иштерди, почта алакаларын тартипке салган.

145-хижрий, 762-миладий жылы Багдадга негиз салган. Багдадды халифалык борборуна айландырган. Багдад университетин курган.

Ажыга эхрам байлаган абалда өлгөн.

150-хижрий, 767-миладий жылы имам Абу Ханифа дүйнөдөн кайткан.

3. Ал-Махдий Мухаммад ибн ал-Мансур 158-169-хижрий, 775-785-миладий жылдарда халифалык кылган.

Византиялыктарга каршы согуштар алып барышы менен таанымал болгон.

Негизги жолдорду курган. Почта иштерин эң жакшы жолго койгон. Анын заманында соода-сатык гүлдөп-өскөн.

168-хижрий, 783-миладий жылы византиялыктар арабдар менен келишим түзүшкөн жана жизя төлөшкөн.

4. Ал-Ходий Муса ибн ал-Махдий 169-170-хижрий, 785-786-миладий жылдарда халифалык кылган.

5. Ар-Рашид Харун ибн ал-Махдий 170-193-хижрий, 786-809-миладий жылдарда халифалык кылган.

Аббасий халифалар ичиндеги эң таанымалдардын бири болгон.

Батыш вилаяттарга аким болгон заманында эле византиялыктарга каршы согуш алып барган. Константинополь дарбазаларына чейин жетип барган.

Перс вилаяттарында тынчтык орноткон.

Түндүк Африкага Аглабийлерди валий кылган.

Анын заманында соода, адабият, илим гүлдөп өскөн.

179-хижрий, 795-миладий жылда имам Малик ибн Анас дүйнөдөн кайткан.

6. Ал-Амин ибн Харун ар-Рашид 193-198-хижрий, 809-813-миладий жылдарда халифалык кылган.

7. Ал-Маъмун Абдулла ибн Харун ар-Рашид 198-218-хижрий, 813-833-миладий жылдарда халифалык кылган.

Ири Аббасий халифаларынын бири.

Адабият жана илимге катуу этибар берген. Багдадда Байтул-Хикманы пайда кылган. Анын заманында котормочулук, рыбаят илимдери жана пикирий-илимий аракеттер гүлдөп-өскөн.

Муътазилаларга жардам берген. Куранды махлук деп айтууда адамдарды имтихан кылган (сынак өткөргөн). Бул имтихан «михнат» деп аталган.

204-хижрий, 820-миладий жылы имам Шафиий дүйнөдөн кайткан.

8. Ал-Муътасим биллах Мухаммад ибн Харун ар-Рашид 218-227-хижрий, 833-842-миладий жылдарда халифалык кылган.

Түрк кошуундарынан жардам сураган. Анын командачысы Афшин Азербайданда Бобак козголоңун бастырган.

Византиялыктарды жеңип чыккан.

838-жылы Амурияны (Кичи Азиядагы Византия шаарын) фатх кылган. Сомаррону курган.

Муътазилаларга жардам берген. Куранды махлук деп адамдарды имтихан кылууда агасы Маъмун баштаган ишти уланткан.

9. Ал-Васик биллах Харун ибн ал-Муътасим 227-232-хижрий, 842-847-миладий жылдарда халифалык кылган.

Мутакаллимдердин келишпестиктери менен алектенген. Муътазилаларга жардам берген. Куранды махлук деп адамдарды имтихан кылган.

10. Ал-Мутаваккил алаллох Жаъфар ибн ал-Муътасим 232-247-хижрий, 847-861-миладий жылдарда халифалык кылган.

Ахли сунна вал-жамааны жакшы көргөн жана муътазилаларга каршы күрөшкөн. Адамдардан Куранды махлук деп имтихан кылууну алып таштаган.

241-хижрий, 855-миладий жылы имам Ахмад ибн Ханбал дүйнөдөн кайткан.

11. Ал-Мунтасир биллах Мухаммад ибн ал-Мутаваккил 247-248-хижрий, 861-862-миладий жылдарда халифалык кылган.

12. Ал-Мустаъин биллах Ахмад ибн Мухаммад ибн ал-Муътасим 248-252-хижрий, 862-866-миладий жылдарда халифалык кылган.

13. Ал-Муътазз биллах Мухаммад ибн ал-Мутаваккил 252-255-хижрий, 866-859-миладий жылдарда халифалык кылган.

14. Ал-Муътадий биллах Мухаммад ибн ал-Васик 255-256-хижрий, 869-870-миладий жылдарда халифалык кылган.

15. Ал-Муътамид алаллох Ахмад ибн ал-Мутаваккил 256-279-хижрий, 870-892-миладий жылда халифалык кылган.

Анын агасы Муваффак аким болгон.

Судан үстүнөн жеңишке жеткен. Византиялыктарга каршы согуш алып барган.

Борборду Багдадга кайтарган. Ууланып дүйнөдөн кайткан.

256-хижрий, 870-миладый жылда имам Бухарий дүйнөдөн кайткан.

260-390-хижрий, 674-999-миладий жылдары Мавароуннахрда Сомонийлер мамлекети болгон.

16. Ал-Муътазид Ахмад ибн Муваффак 279-289-хижрий, 892-902-миладий жылдарда халифалык кылган.

17. Ал-Муктафий биллах Алий ибн ал-Муътазид 289-295-хижрий, 902-908-миладий жылдарда халифалык кылган.

Тулуния жана Карматийлерге каршы согуш алып барган.

18. Ал-Муктадир биллах Жаъвар ибн ал-Муътазид 295-320-хижрий, 908-932-миладий жылдарда халифалык кылган.

Амирул-умаро Мунистин таасирин жоймокчу болгон, акыбетте өзү өлтүрүлгөн.

Анын заманында 909-жылы Африкада Фатимийлар жүзөгө келген.

929-жылы Куртубада Умавийлар жүзөгө келген.

Карматийлер Иракка чабуул кылышкан. 930-жылы Меккени басып алышкан жана Хажарул-Асвадды Аъсого алып кетишкен.

19. Ал-Кохир биллах ибн ал-Муътазид 320-322-хижрий, 932-934-миладий жылдарда халифалык кылган.

Жаман саясат алып барган, натыйжада халифалыктан бошотулган.

20. Ар-Розий биллах Мухаммад ибн ал-Муктадир 322-329-хижрий, 934-940-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын вазири амирул-умаро ибн Роик эгемендүү аким болуп алган. Натыйжада Багдаддагы халифанын салтанаты алсыраган жана Андалусиядагы Умавийлер халифалыгы күчөгөн.

21. Ал-Муттакий лиллах Ибрахим ибн ал-Муктадир 329-333-хижрий, 940-944-миладий жылдарда халифалык кылган.

941-жылы Баридийлер чабуулдарынан качып амирул-умаро ибн Роик менен бирге Мавсилдеги Хамаданийлердин баанегине кирген.

Тозун анын көзүн оюп алган жана камакта өлтүргөн.

22. Ал-Мустакфий биллах Абдулла ибн ал-Муктафий 333-334-хижрий, 944-945-миладий жылдарда халифалык кылган.

23. Ал-Мутиъ лиллах ал-Фазл ибн ал-Муктадир 334-363-хижрий, 946-974-миладий жылдарда халифалык кылган.

24 Ат-Тоио лиллах Абдулкарим ибн ал-Мутиъ 363-381-хижрий, 974-991-миладий жылдарда халифалык кылган.

25. Ал-Кодир биллах 381-422-хижрий, 991-1031-миладий жылдарда халифалык кылган.

Аалым халифалардын бири. Усул жөнүндө китеп жазган.

26. Ал-Коим биамриллах Абдулла ибн ал-Кодир 422-467-хижрий, 1031-1075-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын доорунда түрк командачысы Басосирийдин фитнасы болуп өткөн. Коим Тагралбек жардамында анын фитнасы бастырылган.

27. Ал-Муктадий биамриллах Абдулла ибн Мухаммад ибн Коим 467-487-хижрий, 1075-1094-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын заманында Селжуктар өкүмдар эле.

28. Ал-Мустазхир биллах Ахмад ибн ал-Муктадий 487-512-хижрий, 1094-1118-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын заманында кресттүүлөр жүрүштөрү башталган жана Байтул-Макдис кулаган.

Адабиятты билген, келбеттүү, адептүү аалым болгон. Газзолий анын наамы менен «Фазъиъул муътазилла» аттуу китебин жазган жана Мустазхирий наамы менен таанылган.

29. Ал-Мустаршид биллах ал-Фазл ибн ал-Мустазхир 512-529-хижрий, 1118-1135-миладий жылдарда халифалык кылган.

Селжуктар аны жеңген жана кыянаттан өлтүрүлгөн.

30. Ар-Рошид биллах ал-Мансур ибн ал-Мустаршид 529-530-хижрий, 1135-1136-миладий жылдарда халифалык кылган.

Селжук Масъуд халифалыктан түшүргөн жана кыянаттан өлтүрүлгөн.

31. Ал-Муктафий лиамриллах Мухаммад ибн ал-Мустазхир 530-555-хижрий, 1136-1160-миладий жылдарда халифалык кылган.

Агасы Рошидден кийин халифа болгон. Узак убакыт бийликте эгемендүү болуп алган селжуктар таасирин бастыргандан кийин халифалык иштерин, мамлекеттин иштерин эгемендүү аткарган.

32. Ал-Мустанжид биллах Юсуф ибн ал-Муктафий 555-566-хижрий, 1160-1170-миладий жылдарда халифалык кылган.

Өз калкы менен жакшы мамиледе болгон халифалардын бири.

33. Ал-Мустазиъ ал-Хасан ибн ал-Мустанжид 566-575-хижрий, 1170-1180-миладий жылдарда халифалык кылган.

Адилеттүүлүк жана берешендик менен таанымал болгон.

34. Ан-Насир лидиниллах Ахмад ибн ал-Мустазиъ 575-622-хижрий, 1180-1225-миладий жылдарда халифалык кылган.

Аскердик командачылардын таасирин жойгон. Селжук салтанатына чек койгон. Этияттык менен таанымал болгон.

35. Аз-Зохир биамриллах ибн ан-Насир 622-623-хижрий, 1225-1226-миладий жылдарда халифалык кылган.

Адилеттүүлүк менен таанылган. Финансылык иштерди тартипке салган.

36. Ал-Мустансир биллах ал-Мансур ибн аз-Зохир 623-640-хижрий, 1226-1242-миладий жылдарда халифалык кылган.

Адилети жана таквасы менен таанылган.

Багдадда Мустансирия медресесин курган.

37. Ал-Мустаъсим Абдулла ибн ал-Мустансир 640-656-хижрий, 1242-1258-миладий жылдарда халифалык кылган.

Акыркы Аббасийлер халифасы.

Монголдор Багдадды басып алып, урандыга айлантып, китепканаларын өрттөгөндөн кийин Хулаку аны өлтүргөн.

## Усманий халифалар

Усманийлер халифалыгы 1281-1924-миладий жылдарда болуп өткөн.

1. Усман I 1281-1324-миладий жылдарда халифалык кылган.

Усманийлер сулаласынын негиздөөчүсү.

2. Урхон ибн Усман 1324-1360-миладий жылдарда халифалык кылган.

Өз салтанатын Кичи Азияга жайган. Бурсаны фатх кылган жана аны борборго айланткан.

1326-жылы Византияны жеңип чыккан.

3. Мурад I ибн Урхон 1359-1389-миладий жылдарда халифалык кылган.

1365-жылы Адернаны борбор кылып алган.

Византия императору Юханно Vни моюн сундурган. Косово согушунда жеңишке жеткенден кийин өлтүрүлгөн.

4. Боязид Елдирим 1389-1402-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анкара согушунда Тимурлан аны туткунга алган.

5. Мухаммад I ибн Боязид 1403-1421-миладий жылдарда халифалык кылган.

Галиполиде флот үстүнөн жеңишке жетишкен.

6. Мурад II 1421-1444, 1446-1451-миладий жылдарда халифалык кылган.

1430-жылы Салоникини ээлеген.

7. Мухаммад II ал-Фатих 1444-1446, 1451-1481-миладий жылдарда халифалык кылган.

1453-жылы Кустантинияны фатх кылган. Трабзон мамлекетин түгөткөн. Иония аралдарын фатх кылган.

8. Боязид II 1481-1512-миладий жылдарда халифалык кылган.

9. Салим I 1512-1520-миладий жылдарда халифалык кылган.

1516-жылы Мамлуктар мамлекетин түгөткөн. Сирия, Египетти кошуп алган.

10. Сулайман I ал-Конуний 1520-1566-миладий жылдарда халифалык кылган.

Атасы Салим Іден кийин бийликти ээлеген.

Балкан өлкөлөрүн арты-артынан фатх кылган. 1526-жылы Белград, Родести ээлеген жана можарларды жеңип чыккан.

Сафарийлерге каршы согуш алып барган. Багдад жана Тебризди ээлеген.

Мамлекет анын доорунда кудурет чокусуна чыккан.

Адабият, илим, абаданчылык гүлдөп-өскөн.

Мыйзам жана шарият өкүмдөрүн деван кылып жаздырган.

11. Салим II 1566-1574-миладий жылдарда халифалык кылган.

12. Мурад III ибн Салим 1574-1595-миладий жылдарда халифалык кылган.

1576-жылы перстер үстүнөн жеңишке жетишкен. Грузияны ээлеген.

13. Мухаммад III 1595-1603-миладий жылдарда халифалык кылган.

Австрияга каршы жүрүш кылган.

14. Ахмад I 1603-1617-миладий жылдарда халифалык кылган.

Перстерге жана Австрияга каршы согуш алып барган.

Ахмад наамы менен таанымал болгон мечит курдурган.

15. Мустафа I 1617-1618, 1622-1623-миладий жылдарда халифалык кылган.

16. Усман II 1618-1622-миладий жылдарда халифалык кылган.

17. Мурад IV 1623-1640-миладий жылдарда халифалык кылган.

1638-жылы перстерден Багдадды кайтарып алган.

18. Ибрахим 1640-1648-миладий жылдарда халифалык кылган.

19. Мухаммад IV 1648-1687-миладий жылдарда халифалык кылган.

20. Сулайман II 1687-1691-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын заманында Истамбулда фитналар жүзөгө келген.

21. Ахмад II 1691-1695-миладий жылдарда халифалык кылган.

22. Мустафа II 1695-1703-миладий жылдарда халифалык кылган.

23. Ахмад III 1703-1730-миладий жылдарда халифалык кылган.

Иран, Австрия, Россияга каршы согуштар алып барган.

24. Махмуд I 1730-1754-миладий жылдарда халифалык кылган.

Перстер жана орустарга каршы согуш алып барган.

Борборду кооз абалга келтирген.

25. Усман III 1754-1757-миладий жылдарда халифалык кылган.

26. Мустафа III 1757-1774-миладий жылдарда халифалык кылган.

Орустар менен согуш алып барган, натыйжада Молдавия менен Крым колдон кеткен.

27. Абдулхамид I 1774-1789-миладий жылдарда халифалык кылган.

28. Салим III 1789-1807-миладий жылдарда халифалык кылган.

29. Мустафа IV 1807-1808-миладий жылдарда халифалык кылган.

30. Махмуд II 1808-1839-миладий жылдарда халифалык кылган.

1826-жылы Инкишорийлерди түгөткөн.

Греция анын доорунда эгемендүүлүккө жетишкен.

31. Абдулмажид I 1839-1861-миладий жылдарда халифалык кылган.

Тартибат деп таанылган башкаруу, пикирий жана социалдык жактан реформалар жүргүзгөн.

1839-жылы Хатти шарифти, 1856-жылы Хатти Хумаюнду чыгарган.

Анын заманында Крым согушу болуп өткөн.

32. Абдулазиз 1861-1876-миладий жылдарда халифалык кылган.

Анын доорунда Миния, Сербия, Болгария, Египет мамлекет курамынан чыгып кеткен.

33. Мурад V 1876-миладий жылда халифалык кылган.

34. Абдулхамид II 1876-1909-миладий жылдарда халифалык кылган.

35. Мухаммад V 1909-1918-миладий жылдарда халифалык кылган.

Жаш Түркия партиясы өз максаттарын ишке ашыруу үчүн андан пайдаланган.

Биринчи дүйнөлүк согушка катышкан.

36. Мухаммад VI 1918-1922-миладий жылдарда халифалык кылган.

37. Абдулмажид II 1922-1924-миладий жылдарда халифалык кылган.

Акыркы Усманий халифа. Республика (жумурият) жарыя кылынгандан кийин мамлекеттен чыгарып жиберилген.

1944-жылы Парижде дүйнөдөн кайткан.

## Тыянак

Мусулмандар ушул халифаларды халифалар деп атайбызбы же султандар деп атайбызбы деген маселеде түрдүү доорлордо бир канча ихтилафтарга барышкан. Алардын ихтилафтары халифалардын милдеттери жана аларды тикелөөнүн важыптыгы туурасында болбогон, кайчы пикир болгону аларды кандай атама менен атоо үстүндө болгон. Абу Бакр, Умар, Усман жана Алийлерди (Алла алардан ыраазы болсун) бардык доор мусулмандары билиттифак хулафаи рошидиндер деп аташкан. Умавий халифаларды жана Аббасий халифаларды ошол доордо жашап өткөн мусулмандар халифалар деп аташса, кийинки доордогу мусулмандар аларды падышалар деп аташкан. Усманий халифаларды кээ бир мусулмандар халифалар дешсе, кээ бирлери түрк султандары деп аташкан.

Алардын бардыгы халифалар болушкан. Алардын бардыгы исламий мамлекеттин жетекчи-акимдери болушкан. Бийликке мусулмандардын байъат берүүлөрү аркылуу келишкен жана исламий мамлекет жарандарына исламий өкүмдөрдү – Куран жана Сүннөттү колдонушкан.